А.Закиров атындагы орто мектеби

# Соц. педагогдун анализи

Иманов Ж.Ж

2021-2022-окуу жылы

# 2021-2022 -окуу жылы

А.Закиров атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы социалдык педагогдун иштеринин анализи

Быйылкы окуу жылындагы окуучулар менен иштелген социалдык багыттагы иштердин жыйынтыгы.

Мектептеги окуучулардын саны 148,кыздары -65.балдары-83.

Этникалык кыргыздар жок. И.Д.Н-дин учетунда эч ким жок.Мектеп ичинде учетто турган окуучулардан катталгандар жок. Жарым жетимдер-21 окуучу,социалдык жетимдер-жок, аз камсыз болгон уй-бүлөдөн-9 окучу,көп балалуу үй-12окуучу.

Жыл башында окуучулардын жашоо шартын,психологиялык, медициналык, педагогикалык өзгөчөлүктөрүн, изилдөө максатында сурамжылоо жүргүзүлдү.Ар бир класстын социалдык паспорту түзүлүп ,анда окуучулардын педагогика-психолгиялык мүнөздөмөсү,үй-бүлөнүн социалдык картасы,аз камсыз болгон үй-бүлөлөр ,жетимдер,социалдык жетимдер,көп балалуу үй-бүлөдөгү окуучулардын саны камтылган.Ар бир класс жетекчи менен тыгыз байланышта болуп,социалдык чөйрөдөгү окуучуларга көзөмөл жүргүзүп келдик.Мектептин алдын алуу кенешинин курамы түзүлүп,тарбиялоого оор окуучулар менен алдын алуу кенешинин чаралары жүргүзүлдү. Окуучулар менен ангемелешүүлөр өтүлүп, ата-энелери менен бирге тыгыз байланышта болуп, биргеликте ар-кандай иш-чаралар өткөрүлдү.Окуу жылы башталгандан сабактарга такыр келбей же көп калтырган окуучулар тууралуу журнал ачылган.

Класс жетекчилери менен бирге себептерин аныктап ата-энелери менен ангемелешүү жүргүзүлдү. Ошондой эле үйлөрүнө рейд кылынып турду.Ушул иштердин натыйжасында окуучулардын сабакты көп калтыруусу азайды.Мугалимдер тарабынан начар окуган окуучулар менен иш жүргүзүлүп турат.

Жогорудагы айтылгандан тышкары класс жетекчилер жана ата-энелер тарабынан кылмыштуулукту алдын алуу боюнча кенешмелерди өткөзүп турушат. Эки жумада бир жолу 8-9-класстар арасында рэкетчиликти көзөмөлдөө боюнча ангемелешүү өтүп турат. Ата-энелерге жалпы мектептие чогулушта доклад окулуп,окуучулар рэкеттин жана норкамандын турмушунан үзүндүлөрдү айтып психологиялык жактан тарбиялап турабыз.

Ошондой эле окуучуларга дагы,ата-энелерге дагы мектеп рэкети жөнүндө көп маалыматтар өтүлүүдө Ушул эле проблема боюнча тамекинин жана алкоголдун зыяндуулугу жөнүндө класстык сааттар эн жогорку денгээлде өтүлүүдө.
2021-2022-оуу жылында мектеп жетекчилиги тарабынан учетко алынган окуучулар жок. Ат-энелер менен мындай орчунду жолго барбаш үчүн бат-бат жолугушуулар болуп турат.Жашоолоруна ылайык чет өлкөгө чыгып кеткен окуучунун ата-энесинин тизмелери тастыкталып чыккан.Бул окучулар менен ар бир класс жетекчи окууга болгон шарттарын көзөмөлдөп турат. Мисалы: Сабакка катышуусун жана коомдук иштерге активдүү катышкандыгы тууралуу.Окуучулардын жашаган уйлөрүнө,туугандарына каттоо

жүргүзүлүп турду. Ар бир окуучу менен сүйлөшүүлөр тыгыз байланышта иштешет.Диний экстримизим жана терроризмди алдын алуу боюнча өтүлгөн иш-чаралар: Мечитке-барган окуучулардын тизмеси такалып турат.Азыркы убакытта мечитке барган окуучулар жок. 8-9-7-класстардын арасында эстремистт уюмдардын иштери жөнүндө тарых сабагынын мугалими жана класс жетекчилер түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушат.

Балдардын укугун коргоо концепциясы боюнча бардык класстарда класстык саттар"Укук сабагында" жана "Тегерек стол" уюштурулуп турат.Окуу жылында мектепте ийримдер өтүл турат. Мектепте 5-6-7-класстар арасында сборный кошулма команда түзүлүп"Футбол" боюнча мектептик мелдеш болуп өттү.

А.Закиров атындагы орт мектебинде 2021-2022-окуу жылында комуз кружогу ачылып мектептин окуучулары кызыгуу менен кружокко катышып жатышат.Мектеп окуучуларынын ичинен жаш-курагы менен бөлүнүп 5- 6-7-класстар жана 8-9-класстар арасында эстафета мелдеш оюндары өткөзүлүп турат.Ошондой эле эмгек сабагынан Иманулова Кымбат кыздарды ар кандай кездемелерди басканды жана тиккенди үйрөтүүдө. Кыргыз тили сабагынан "Манас таануугa" көнүл бурулуп окуучуларыбыз райондук сынактарга жигердүү катышуууда.Өз ара мектеп ичинде "Жаратылыш-жан досум",Алтын күз","Жаны-жыл","Тил майрамы"."Мугалимдер күнү" ,"8-март- апалар күнү","9-май –Жениш күнү","Энелер куну" 5-май конституция күнү" белгиленип,окуучулар жигердүү катышып жатышат. Өз ара мектеп ичинде "Тынчтык", "Жер шары", "Жаратылыш" "Мен балдардын кыялындамын" "Курсактар" жарманкеси болуп өттү. Ошондой эле Ооганстан демакратиялык республикасынан Советтик аскерлердин чыгарылышынын 24-жылдыгы Салтанаттуу өткөрүлүп белгиленди.

2021-2022-окуу жылына карата коюлган максатым:

1. Баардык жаш курактагы балдардын, инсандык жана социалдык көйгөйлөрүн аныктоо
2. Баланын укугун социалдык-педагогикалык жактан кароо
3. Социалдык педагогикалык консультация
4. Социалдык педагогикалык профилактика иштерин жүргүзүп, ошондой эле корекциялоо жана ребилитациялоо
5. Уюштуруучулук методикалык ишмердүүлүктүн үстүндө иш алып баруу

Соц педагог: Иманов Жакшылык Жанышович